# И. К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ

# Б. Н. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ

Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык ишин алдын ала кароо боюнча И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин алдындагы Д 14.24.708 диссертациялык кеңешинин жыйынынын

**2025-жылдын 4-июнундагы № __ протоколу**

04.06.2025 жыл Бишкек шаары.

**Төрайым м.и.д., профессор Куттубаева К.Б.** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер! Диссертациялык кеңешке диссертацияга алдын ала кароо жүргүзүүгө ыйгарым укук берилет; катышуу баракчасына ылайык жыйынга диссертациялык кеңештин 17 мүчөсүнүн 14 мүчөсү катышууда анын ичинен 2 (онлайн), алардын ичинен каралып жаткан диссертациянын профили боюнча 11 илимдин докторлору жана 3 медицина илимдеринин кандидаты катышууда, кворум бар.

**Диссертациялык кеңештин бардык мүчөлөрү менен тааныштырууга уруксат этиңиздер:** Куттубаева К.Б. м.и.д. (14.01.14) профессор; Абасканова П.Д. м.и.к.. (14.01.14.), доцент; Изаева Т.А. м.и.д. (14.01.14) доцент; Бакиев Б.А. м.и.д. (14.01.14) профессор **(онлайн);** Жумагулов О.Ж. м.и.д. (14.01.14) профессор; Дикамбаева М.К. м.и.к. (14.01.14) доцент; Калбаев А.А. м.и.д. (14.01.14), профессор; Мамытова А.Б. м.и.д. (14.01.14), профессор **(онлайн);** Мамытова Б.М. м.и.к. (14.01.14) доцент; Насыров В.А. м.и.д. (14.01.03), профессор; Нурбаев А.Ж. м.и.д. (14.01.14), доцент; Сулайманов Ж.С. м.и.д. (14.01.03), доцент; Тургунбаев Н.А. м.и.д. (14.01.07), доцент; Юлдашев И.М. м.и.д. (14.01.14), профессор.

**Жыйынга келбегендер:** Джандаев С.Ж. м.и.д. (14.01.14) профессор; Джуматаева З.А. м.и.д. (14.01.14) профессор; Мухамадиева Г.А. м.и.д. (14.01.14) доцент;

**Төрайым м.и.д., профессор Куттубаева К.Б.** Жыйынды өткөрүүнүн регламентин макулдашып алалы:

- изилдөөчүнүн баяндамасына – 15 мүнөт
- ДКтин (диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн) чыгып сүйлөөлөрүнө – 15 мүнөт
- катышуучулардын чыгып сүйлөөлөрүнө – 5 мүнөт

Бул регламентке макул болсоңуздар добуш берип койсоңуздар
**“Макул” – 12, онлайн -2, “Каршы” – жок , “Калыс”-жок.**
Бир добуштан кабыл алынды. Жыйынды ачык деп жарыялоого уруксат этиңиздер.

**Күн тартибинде:**

**1.** Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык ишинин алдын ала коргоосу.

Илимий жетекчи: Юлдашев Ильшат Мухитдинович - м.и.д., профессор.
Иш С.Б.Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуунун стоматология кафедрасында, ОшМУнун медицина факультетинин ортодонтия курсу менен ортопедиялык стоматология кафедрасында аткарылды.

Изденүүчү Э.О. Омурбековго 2025-жылдын 10-апрелинде эксперттик комиссиясынын курамы белгиленген:

1. Нурбаев Алтынбек Жолдошевич - м.и.д., И.К. Ахунбаев атындагы КММАнын ортопедиялык стоматология кафедрасынын профессору;
2. Руззуддинов Туретай Бексаутович – м.и.к., доцент, С. Д. Асфендияров атындагы КазУМУнун балдар стоматологиясы кафедрасынын башчысы;
3. Давлетов Болот Мукаевич - м.и.к., доцент, «Мастер класс» стоматологиялык жеке клиниканын директору. Бишкек ш.

Жыйынга эксперттик курамдын мүчөсү, м.и.к., доцент Давлетов Болот Мукаевич келе албагандыктан, анын бүтүмүн окумуштуу катчы, доцент Абасканова Перизат Дуйшеновна окуйт.

Эксперттик комиссия диссертацияга эксперттик баа берип, баштапкы материалды текшерип, 14.01.14 – стоматология адистигине кандидаттык экзаменди кабыл алды. 2025-жылдын 12-майында оң корутунду берилген.
Күн тартиби боюнча суроолор барбы? Күн тартибин бекитүүгө макул болсоңуздар тастыктоо үчүн добуш берип койсоңуздар.
"Макул" – 14 , "Каршы" – жок, Калыс – жок. Бир добуштан кабыл алынды.

**Төрайым:** Сөз диссертант тууралуу маалыматтар менен тааныштыруу үчүн диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, м.и.к., доцент Абасканова Перизат Дүйшөновнага берилет.

1. Окумуштуу катчы м.и.к., доцент Абасканова Перизат Дуйшеновнанын баяндамасы:

Омурбеков Эсенбек Омурбекович 1993-жылы туулган, улуту кыргыз, Кыргыз Республикасынын жараны. 2014-жылы ОшМУнун медицина факультетинин стоматология адистигин аяктаган. 2014-2015-жылдары ОшМУнун стоматология цикли боюнча интернатураны аяктаган. 2016-2018-жылдары ОшМУнун терапиялык стоматология курсу менен ортопедиялык стоматология кафедрасында ассистент болуп иштеген. 2018-2021-жылдары жогоруда аталган университеттин медицина факультетинин деканынын орун басары болуп иштеген. 2023-жылдан азыркы учурга чейин ОшМУнун балдардын терапиялык стоматологиясы курсу менен терапевттик стоматология кафедрасында окутуучу болуп эмгектенип келе жатат. Диссертациялык ишин жана кошумча программасын С.Б. Данияров атындагы КММИКжКЖнын факультеттер аралык стоматология, Б. Н. Ельцин атындагы КРСУнун ортопедия жана хирургиялык стоматология, И.К. Ахунбаев атындагы КММАнын хирургиялык жана балдар стоматологиясы (26.12.2024-ж. №8 протокол) кафедрасынын жыйынында апробацияланган. Оң корутунду берилген.. Бардык кандидаттык минимумдар ийгиликтүү тапшырылган. Диссертациялык иштин жыйынтыгы 5 макалада чагылдырылган, анын ичинде кыргыз тилинде 2 макала, калганы орус тилинде, жалпы саны 107 баллды түзөт. Изденүүчү тарабынан тизмедеги бардык документтер тапшырылган жана «УИАнын ПКР окумуштуулук даражаларын ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобого» ылайык келет. Диссертация "Антиплагиат" системасы аркылуу текшерилген; оригиналдуулугу 91,02%.

**Төрайым:** Изденүүчүнүн документтеринин мазмунуна байланыштуу окумуштуу катчыга суроолор барбы? - Суроолор жок.

Сөз диссертациянын негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн Э.О. Омурбековго берилет. Убакыт: 15 мүнөт.

Диссертант Э.О. Омурбековдун баяндамасы. Саламатсыздарбы, урматтуу төрайым, урматтуу диссертациялык кеңештин катышуучулары, урматтуу кесиптештер! "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык иштин негизги жоболору менен тааныштырып өтүүгө уруксат этиңиздер (Баяндама тиркелет).

**Төрайым :** Баяндама бүттү. Баяндамачыга суроолор барбы?

Баяндамачыга суроолор:

**М.и.д., доцент Сулайманов Жумабек Сулайманович.**

1. Иште окклюзия анан тиштенүү деп берилген. Окклюзия менен тиштенүүнүн айырмасы барбы?

**2.** Ош шаары боюнча көрсөткүчтөр 60%тен жогору, барган сайын көбөйүп жатат деп белгиленген. Мунун себеби эмнеде деп ойлойсуңар?

3. Аномалиялардын көрсөткүчтөрү боюнча Ош облусу менен Бишкек шаарынын салыштырмалуу айырмасы барбы же бирдей элеби?

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Урматтуу Жумабек Сулайманович, суроoңуз үчүн ыракмат. Жооп берүүгө уруксат этиңиз.

1.Тиштенүү менен окклюзиянын айырмасы жок, бир эле мааниге ээ. Иште “прикус” тиштенүү деп берилди.

2. Ош облусу боюнча көрсөткүчтөрдүн жогорулашына көптөгөн факторлордун: климаттык-географиялык абалдын, тамактануунун абалынын, тиш кариестеринин интенсивдүүлүгүнүн жогорулашынын жана региондордо ортонтиялык кызмат көрсөтүүнүн жетишсиздигинин таасири бар.

3. Биздин изилдөөбүздө салыштыруу жагы каралган эмес. Бирок ошого карабастан этностук, стоматологиялык кызмат көрсөтүү жагы бирдей болгондуктан өтө чоң деле айырма байкалган жок.

**М.и.д., профессор Калбаев Абибилла Акбураевич.**

1. Мезиалдык тиш катнашты ортодонтиялык дарылоо эмнеден көз каранды?

2. Мезиалдык тиш катнашты дарылоодо кайсы ыкмалар жана кандай аппараттар колдонулду?

3. Персиндин классификациясы боюнча мезиалдык катнаштын канча даражасы бар?

4. Мезиалдык катнашты хирургиялык жол менен дарылоо кайсы критерийдин негизинде жүргүзүлөт? Гнатикалык жана тиш-альвеолардык чорчокторду айырмалоо үчүн кайсы критерий колдонулат жана аны кантип аныктайбыз?
5.КПУнун бул диссертациялык ишке тиешеси жок деп түшүнөм. Ушул боюнча кандай ойлойсуз?

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Урматтуу Абибилла Акбураевич, суроонуз үчүн ыракмат. Жооп берүүгө уруксат этиңиз.
1.Дарылоонун формасы же ыкмасы биринчиден мезиалдык окклюзиянын кандай түрү экендигинен көз каранды. Эгерде биз гнатикалык деп диагноз коё турган болсок, анда бул орто-хирургиялык ыкма аркылуу дарыланат. Ал эми тиш альвеолардык болсо, ортодонтикалык дарылоо менен дарыласак болот. Ошондой эле жаактардын өсүү тибинен көз каранды.
2. Мезиалдык окклюзияны бир нече аппараттардын: функционалдык, механикалык, бет маскасы жардамы менен дарыласа болот, мындан тышкары брекет системасы менен да дарылоого болот. Биздин учурда механикалык аппараттын жардамы менен дарыланды.
3. Бейтап бизге келген учурда ооз көңдөйүнүн ички жана сырткы абалына текшерүү иши жүргүзүлөт. Ошондой эле функционалдык текшерүүлөр жүргүзүлөт. Эгерде бейтап астыңкы жаакты түз тиштенүүгө алып келе алган болсо, бул учурда биз ортодонтиялык дарылоого мүмкүн болот деп эсептейбиз. Эгерде бейтап туз тиштенүүгө алып келе албай, ал жерде сагиталдык боштук кала турган болсо, анда муну хирургиялык дарылоого жөнөтүшүбүз керек. Андан тышкары гнатикалык жана тиш альвеолардык түрлөрүн биз телерентгенографиянын жардамы менен ошол эле Штейлерин анализи боюнча аныктасак болот. Жогоруда көрсөтүлгөндөй Штейнердин бурчу аркылуу SNA бурчу 82.0 градусту түзсө, SNB 80 градусту, ANB 2 градусту түзөт. Эгерде ушул көрсөткүч 82 ден 72ге түшүп кала турган болсо, анда бул үстүңкү жаактын өрчүбөй калышын айгинелейт. Ошондой эле SNB бурчтары тескерисинче 87ге чыгып кеткен болсо, мындай учурда алдыңкы жаактын протрузиси, гнатикалык форма деп эсептейбиз.
**4. М.и.д., профессор Калбаев Абибилла Акбураевич.** Персиндин классификациясы боюнча мезиалдык тиш катышы канча даражага бөлүнөт?
**Диссертант Э.О. Омурбеков**. Биз өзүбүздүн изилдөөбүздө БДСУнун, эл аралык морфологиялык жана Энгелдин классификацияларын колдондук. Ал эми Персиндин классификациясы бул иште каралган эмес.
**М.и.д., профессор Калбаев Абибилла Акбураевич.** Баары бир деле мезиалдык окклюзиянын даражалары бир эле Персинде эмес көпчүлүк

ортодонтордо биринчи, экинчи, үчүнчү даражаларга бөлүнүп каралат. Кандай болуп, эмненин негизинде ушундай даражаларга бөлүнөт?

**Диссертант Э.О. Омурбеков**. Классификацияларга жалган жана чыныгы мезиалдык окклюзиялар болуп бөлүнөт жана ошондой эле анын астыңкы жаактын макрогнатиясы, үстүңкү жаактын микрогнатиясы, ошол эле абалга үстүңкү жаактын нормалдуу абалы жана астыңкы жаактын макрогнатиясы болуп бөлүнөт.

5. Өзүңүздөргө белгилүү болгондой изилдөөбүздө КПУнун интенсивдүүлүгү каралган. Изилдөөдөн улам биз тиштердин аномалияларынын келип чыгышы биринчи туруктуу тиштердин, азуулардын бузулуу натыйжасынан келип чыгат деп эсептейбиз. Мындан тышкары, ошол кариестин интенсивдүүлүгүнөн келип чыккан татаалдашуулар (кабылдап кетүүлөр) түздөн-түз аномалиялардын келип чыгышына таасирин тийгизет. Ошондуктан изилдөөбүздө КПУнун интенсивдүүлүгү каралды.

**М.и.д., профессор Жумагулов Олжобай Жумакадырович.**

1. Авторефератты эки тилде жазууда кыргыз жана орус тилдерин жакшы билген адистер менен кеңештиңер беле?

2. Авторефераттарда “задачи исследованиеде” кыргызча изилдөөнүн милдетинде орусчасында: “определить состояния структуры службы”- деп жазылып турат, Кыргыз тилинде служба - бул кызмат. А бул жөнүндө кыргызчасында такыр сөз жок.

3. Корутундуда биринчи эле эң негизги болуп жооп берип атасыңар Ош шаары боюнча тиш кариеси деп. Ал эми иштин милдеттери менен жаңылыгында кариес жөнүндө бир да сөз болбогон. Муну кандайча түшүнүүгө болот?

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Урматтуу **Олжобай Жумакадырович**, суроонуз үчүн ыракмат. Жооп берүүгө уруксат этиңиз.

1. Корутундуда негизинен Ош шаары жана Ош облусу боюнча тиш кариесинин интенсивдүүлүгүнүн таралышы көрсөтүлгөн. Бул слайддан көрсөңүз болот. Бул жерде кариестин таралышы айыл аймактарында 90%, Ош шаарында 83,7%ды тузгөндүгү көрсөтүлүп турат.

2. Автореферат жана диссертация атайын адистер тарабынан которулган. Бирок медициналык терминдерде бир аз өзгөрүүлөр болгондуктан айрым учурда толук которулбай калган учурларды да эске алабыз.

**М.и.д., профессор Жумагулов Олжобай Жумакадырович.** Диссертациялык иштин кыргызча маанисиндеги патологияны аныктоо деп берүү жетиштүү деп эсептейм.

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Бул кемчиликти кайра карап, оңдогонго аракет кылабыз.

**Төрайым:** Айтылган кемчилик, сунуштарды өндоп-түзөөгө аракет кылыңыздар. Дагы суроолор барбы? Анда менде суроо бар.

**М.и.д., профессор Куттубаева Клара Бейшеновна.**

1.Менин суроом профессор Калбаевдин суроосуна айкалыштуу болмокчу. Эмне себептен сиз, кариестин интенсивдүүлүгүн изилдедиңиз. Сиздин ишиңиз практикалык жактан башкача тема болуп жатат. Адабияттарга сереп бөлүгүндө Сыдыков менен Исмаиловдун эмгектерине шилтеме бербептирсиз. Анткени алар тиш кариесинин Ош облусу жана Алай району боюнча таралышын изилдешкен.

2. Эмне себептен силердин изилдөө обьектиңер балдар жана өспүрүмдөр экендигине карабастан студенттерди изилдөөгө алдыңар? Анан Олжобай Жумакадыровичтин суроосуна мен да кошулат элем, анткени изилдөөнүн орусчасында биринчи иштин милдетин "состояние структуры" дептирсиз. Кыргызчасында кызмат түзүмү деп турат, орусчасында берилбеген. Акырында мен сизге сунуш катары айтып кетер элем. Сизде изилдөөнүн картасы бар экен. Ал эми тиркемелерге киргизүү актысы гана киргизилип, изилдөөнүн картасы киргизилбеген. Анан статистикалык маалыматтарга шилтеме кылыптырсыз. Мындай кылган соң ал статистикалык маалыматтарды тиркемеге киргизишиңиз керек болчу. Кайсы документтен алдыңыз? Мына ушуларды тиркемеге тиркеп койсоңор суроо болбойт эле.

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Урматтуу Клара Бейшеновна**,** сурооңуз үчүн ыракмат. Жооп берүүгө уруксат этиңиз.

1.Биз жогоруда КПУнун интенсивдүүлүгү аномалияларга түздөн-түз таасир этет деп айтып өттүк. Ал ошол эле биринчи туруктуу тиштердин бузулуусунун фонунда пайда болуучу аномалиялар.

2. Изилдөөбүздө студенттерге изилдөө жүргүзгөнүбүздүн себеби биринчиден изилдөөгө жеңил болгондуктан жана өзүбүздө окугандыктан тандап алып жүргүздүк.

**М.и.д., профессор Куттубаева Клара Бейшеновна.** Силердин изилдөөнүн Сыдыков менен Исмаиловдун изилдөөсүнөн эмне айырмасы бар? Тиш кариесинин таралышы ал мезгилден бери байкаларлык өзгөрүп кетиптирби?

**Диссертант Э. О. Омурбеков.** Өзүңүздөргө белгилүү болгондой эле туура мониторинг жүргүзүү үчүн жана оорулардын алдын алуу үчүн БДСУнун кеңеши боюнча маалыматтар ар беш жыл сайын жаңыланып туруу керек.

**М.и.д., профессор Куттубаева Клара Бейшеновна.** Анда Ош облусу боюнча изилдеген бул авторлордун эмгектерине шилтеме берип коюу зарыл.

Дагы суроолор барбы?

**М.и.д., профессор Калбаев Абибилла Акбураевич**

1.Менимче бул биз айтып жаткандар жардам болот деп ойлойм. Жакында эле А. Алиева жактады ортодонтия боюнча. Ал эмгекке шилтемелер барбы? Аларда берилген сандар бул изилдөө менен айкалышып жатат. Ошондой эле таза ортодонтия маселеси боюнча К. Абдуллаеванын макаласы бар.

2. КПУ аномалиянын жыйынтыгы да, себеби да болуп эсептелет. Эгер силер аномалияларды аныктасаңар ошолордун канча кариеси болгон ошол аномалиялардын жыйынтыгы болдубу же тескерисинче кариес оорусу аномалияга алып келдиби? Аны негиздөө керек.

3. Тилекке каршы авторефератта камтылбай калганбы билбейм? Мезиалдык окклюзияны кайсы метод менен дарыладыңар, кандай аппараттарды колдондуңар?

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Урматтуу Абибилла Акбураевич, суроoңуз үчүн ыракмат. Жооп берүүгө уруксат этиңиз.

**1.** А. Алиеванын эмгеги боюнча маалыматыбыз бар. Бул эмгекте Ош шаары боюнча гана аномалиялардын таралышын карап чыккан. Ал эми биздин изилдөөбүздө Ош облусунда жана Ош шаарында деп берилген. К Абдуллаеванын эмгеги каралган эмес.

**М.и.д., профессор Калбаев Абибилла Акбураевич.**

Мен бул эмгекти сөзсүз карап чыгууну сунуш кылат элем. Анткени ал эмгекте Ош шаарынын 5 мектебине изилдөө жүргүзүлгөн.

**Диссертант Э.О. Омурбеков.**

1.Кариестин интенсивдүүлүгү негизинен түздөн-түз аномалиялардын келип чыгышына таасир этет. Бирок кариестин интенсивдүүлүгүн жана аномалиялардын кездешүүсүн өзүнчө алып карадык.

2. Жогоруда айтып өткөндөй биз изилдөөбүздө Брюкл аппаратын модификациялап чыктык. Ошондой эле бул дарылоо ыкмасы ортодонтикалык жаш куракта гана дайындалат. Бул 9 жаштан 14 жашка чейинки курак. Бул учурда балдардын бет-жаактары өрчүп, калыптанып жаткан учур. Ошону менен катар аномалиялардын да калыптанып, өрчүп жаткан учурунда биз жогорудагы көрсөтүлгөн модификацияланган аппараттын жардамы менен дарыласак болот. Эмне үчүн 9-14 жаш? Себеби Шеврондун келтирүүсү боюнча 14 жаштан 16 жашка чейинки эркек балдарда жаактын 2мм ге чейин өсүү темпи көрсөтүлөт. Ал эми 16 жаштан 18 жашка чейинки балдарда 1 мм ге чейин өсүү темпи көрсөтүлөт.

**М.и.д., профессор Калбаев Абибилла Акбураевич.**

Механикалык аппараттарды колдонуп дарылоодо ушул эле пластинкалар, кеңейте турган бинттер, бурамалар менен колдондуңарбы же болбосо техникаларды да колдонгонсуңарбы?
**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Урматтуу **Абибилла Акбураевич,** суроонуз үчүн ыракмат. Жооп берүүгө уруксат этиңиз.
Биринчиден азырынча кафедрада лицензиябыз жок. Экинчиден кафедрадан иш алып барабыз. Мындан сырткары туруктуу тиштердин фонунда биринчи азуу тиштерге пломба коюп, тиш катнашын көтөрүп, андан кийин техникасы менен дарылаган учурлар болгон. Ал эми бул тиштердин алмашуу учурунда биз жогоруда айтып өткөндөй механикалык аппараттын жардамы менен дарылоого болот. Бул учурда жаш баланын денесине жана тиш-жаак бөлүгүнө зыян келтирилбейт.
**М.и.д., профессор Калбаев Абибилла Акбураевич.**
Презентацияда көрсөтүлгөн бейтаптардын дарылоого чейинки жана дарылоодон кийинки абалдары анчейин дал келбейт. Мында дарылоонун бир этабы гана берилген. Ал эми эң акыркы жыйынтыгы көрсөтүлгөн эмес.
**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Айтылган эскертүүлөрдү эске алып, бейтаптардын дарылоодон кийинки абалын чагылдырган сүрөттөр менен толуктоого аракет кылабыз.

**М.и.д., профессор Куттубаева Клара Бейшеновна.** Дагы суроолор барбы?

**М.и.д., доцент Изаева Тамара Асенеевна.** Иштин практикалык сунуштар бөлүгүндө Ош облусундагы стоматологиялык жана ортодонтиялык патологиялардын таралышы боюнча алынган маалыматтар медициналык стоматологиялык мекемелерде дарылоону уюштурууда колдонууга сунушталат деп жазылган. Бул боюнча практикалык жактан кандай иштер аткарылды. Муну поликлиниканын дарыгерлери колдонуусу үчүн усулдук колдонмо же кандайдыр бир алгоритмалар иштелип чыктыбы?

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Урматтуу Тамара Асенеевна, суроонуз үчүн ыракмат. Жооп берүүгө уруксат этиңиз.
Биз жогорудагы дарылоо ыкманы Ош облустар аралык стоматологиялык поликлиникасына, Ош мамлекеттик университетинин стоматологиялык клиникасына киргизүү актысы менен сунуштаганбыз. Ошондой эле рационализатордук сунушка бергенбиз.
**М.и.д., доцент Изаева Тамара Асенеевна.** Ошондой болсо да бул тажрыйбаны башка дарыгерлер да колдонушун камсыз кылуу үчүн, аны жайылтуунун башка ыкмаларын иштеп чыгуу зарыл.

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Келечекте бардык стоматологиялык поликлиникаларга киргизүүнү сунуштап жатабыз.

**Төрайым:** Башка суроолор жокпу?
Анда сөз илимий жетекчи, м.и.д., профессор И. М. Юлдашевге берилет.

**Юлдашев Ильшат Мухитдиновичтин (баяндамасы).** Урматтуу төрайым, урматтуу коллегалар, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, биринчиден сиздерге чоң рахмат. Экинчиден бул ишти пландаштыруунун себеби Кыргызстанда, анын ичинде Ош облусундагы жогорудагы белгиленген көйгөйлөрдү чечүүгө А. Молдалиевдин баш болгон клиниканын изилдөөчүлөрү чоң салымдарын кошуп келе жатат. Негизи Ош шаары боюнча бул патологияны изилдөөдө А. Момунжановнанын аты аталып кетти. А. Момунжановнанын да бул жаатта салымы чоң. Ал эми Э. Омурбековичтин изилдөөсүндө Ош шаарында, Ош облусунда жана бийик тоолуу аймактарда жашаган калктар менен салыштырмалуу изилденди. Бирок азырынча акырына чейин жыйынтыктала элек. Негизинен Э. Омурбекович терапевтик кафедрада иштесе да Брюкл аппаратынын модификациясын чыгарып, балдарды дарылоого көмөк көрсөтүүдө. Иштери жакшы өтүп жатат. Публикациялары да жакшы болду. Өзү төрт баланын атасы. Анан кафедрада окуу иштери боюнча кафедра башчысынын орун басары катары иштейт. Ушулардын баарын эске алып, сиздерди колдойт деп ойлойм, ыракмат.

**Эксперттердин бүтүмү**

**Төрайым:** сөз диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, м.и.д., доцент А.Ж. Нурбаевге берилет.

**М.и.д., доцент Нурбаев А.Ж.** Урматтуу төрага, диссертациялык кеңештин мүчөлөрү!

Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык ишине И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын ортопедиялык стоматология кафедрасынын профессору А. Ж. Нурбаевдин бүтүмү:

Изденүүчү Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин диссертациясын карап чыгуу менен төмөнкүдөй бүтүм берүүгө болот деп эсептейм:

**1. Иштин адистикке дал келүүсү диссертациялык кеңешке диссертацияны коргоо үчүн кабыл алуу укугун берет.**

Изилдөөчү Э. О. Омурбековдун "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык иши тандалып алынган теманын актуалдуулугун, изилдөөнүн так аныкталган максаттарын жана милдеттерин, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгын жана практикалык маанисин ачык көрсөтүп турат. Изилдөөнүн методологиясы коюлган максаттарга жетүүгө ылайыктуу. Авторефератта чагылдырылган алгачкы жыйынтыктар Ош облусунда стоматологиялык оорулардын жана ортодонтиялык патологиянын эпидемиологиясын изилдөө, мезиалдык окклюзияны диагностикалоону жана дарылоону жакшыртуу боюнча олуттуу иштер аткарылгандыгын, ошондой эле диссертациялык кеңештин профилине туура келүү менен 14.01.14 - стоматология адистигинин паспортуна толук жооп бере тургандыгын көрсөтүп турат.

**Диссертациянын максаты** заманбап диагностикалык методдорду жана модификацияланган ортодонтиялык дарылоо комплексин колдонуу менен мезиалдык окклюзияны диагностикалоону жана дарылоону өркүндөтүү болуп эсептелет. Диссертацияда белгиленген максат төмөнкү милдеттерди чечүү аркылуу ишке ашырылган:

1. Ош облусунда балдар жана өспүрүмдөрдүн тиш-жаак системасынын индекстик көрсөткүчтөрүн жана дарылоо-диагностикалык иш-чараларга муктаждыгын, кызмат көрсөтүү түзүмүнүн абалын аныктоо.
2. Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ортодонтиялык патологиянын жыштыгын жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо.
3. Мезиалдык окклюзияны диагностикалоодо жана дарылоодо телерентгенографияны колдонуунун натыйжалуулугун баалоо.
4. Бул патологияны дарылоонун комплекстүү ыкмасын иштеп чыгуу жана анын салттуу дарылоо ыкмасына салыштырмалуу натыйжалуулугун аныктоо.

**Алдыга коюлган милдеттерге ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүктөрү (этаптары, жетүү каражаттары жана ыкмалары ж.б.)**

Изилдөөнүн максатына жетүүдө эпидемиологиялык изилдөөлөр сериялык (уялык) тандоо ыкмасы боюнча жүргүзүлгөн. Мектеп окуучуларын изилдөө БДСУнун сунуштарын эске алуу менен иштелип чыккан атайын «Стоматологиялык статусту изилдөө картасы» модификациясы аркылуу жүргүзүлгөн. Областтык жана райондук стоматологиялык клиникалардын атайын калибрлөөдөн өткөн дарыгерлеринин катышуусунда стоматологиялык

ооруларынын эпидемиологиясы боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Тиштердин жана пародонттук ткандардын жабыркоосунун ордугун интерпретациялоого жана баалоого бирдей болгон адекваттуу мамилени иштеп чыгууда жана аларды текшерүү картасында туура чагылдыруу үчүн атайын көрсөтмөлөр иштелип чыгып, изилдөө жүргүзүүгө катышкандардын баарына берилген.

**Иштин милдеттерине ылайык пландаштырылган изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн мекемелер тандалып алынган.** Төмөнкү калк жашаган аймактардын орто жана жалпы билим берүүчү мектептеринен: Ош облусунда жана Ош шаарындагы мектеп жашындагы балдар арасында тиш оорусунун негизги көрсөткүчтөрүн – тиш кариесинин таралышын жана интенсивдүүлүгүн изилдөө максатында жалпы 1600 окуучу: Ош шаарынан жалпы – 336 окуучу: №8 орто мектеп-гимназиясынан – 61 окуучу, Ж. Боконбаев атындагы мектеп-гимназиясынан – 142 окуучу, К. Маркс атындагы орто мектептен – 133 окуучу. Ош облусунан: Кара-Суу районундагы №118 Д. Султанов атындагы негизги мектеп-интернаттан – 148 окуучу; Өзгөн районунун Өзгөн шаарындагы: З. М. Бабур атындагы орто мектептен – 118 окуучу, С. Шарипов атындагы орто мектептен – 165 окуучу, М. Нурбаев атындагы орто мектептен – 91 окуучу; Алай районундагы Гүлчө айылынын: М. Адышев атындагы №1 мектеп-гимназиядан – 143 окуучу, Т. Отунчиев атындагы №2 мектеп-гимназиядан – 186 окуучу; Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылындагы Мырзакулов атындагы орто мектептен – 413 окуучу текшерүүдөн өткөрүлдү.

**Изилдөөнүн объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине дал келүүсү.**

Изилдөөнүн обьектиси катары аталган мектептер каралган жана изилденген.

**Изилдөөнүн предмети:** негизги стоматологиялык оорулардын таралышын, интенсивдүүлүгүн, структурасын, тиштин туура эмес жайгашышынын жыштыгын жана өзгөчөлүгүн, жаак менен болгон катышын, Ош облусунун балдары менен өспүрүмдөрүндөгү тиш-жаак аномалияларын аныктоо, клиникалык лабораториялык, нурдук диагностика, дарылоо натыйжаларын изилдөө.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине дал келүүсү** (заманбап жабдууларды колдонуу, лабораториялык жана вивариалдык сертификаттардын болушу, адекваттуу статистикалык иштетүүлөр) - ар бир тапшырма боюнча:

1. Коюлган милдеттер Ош облусундагы стоматологиялык кызматтын абалын жана тиш-жаак системасынын көрсөткүчтөрүн аныктоо аркылуу ишке ашырылган.

2. Коюлган милдеттер бейтаптардын 2084 стоматологиялык карталарын изилдөө аркылуу ишке ашырылган.
3. Коюлган милдеттер аймактарда ортодонтиялык патологиянын жыштыгын жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо аркылуу ишке ашырылган.
1. Мезиалдык окклюзияны диагностикалоодо жана дарылоодо телерентгенографиянын эффективдүүлүгүн баалоо менен.
2. Бул патологияны дарылоонун комплекстүү ыкмасын иштеп чыгуу жана натыйжалуулугун баалоо.

**Диссертациянын ар бир коюлган милдеттерин чечүүнүн зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардын маалыматтарын критикалык талдоонун даражасы жана толуктугу.**

Омурбеков Эсенбек Омурбекович диссертациялык ишинде өз ичине орус тилдүү 80 жана чет элдик 120 авторлордун эмгектерин камтыган 200 адабий булактарды пайдаланган. Көрсөтүлгөн адабияттардын тизмесине критикалык талдоо жүргүзүүдө диссертацияда коюлган маселелердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөө жетиштүү түрдө берилген. Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр мезиалдык окклюзия менен ооруган бейтаптар үчүн абдан актуалдуу жана зарыл деген тыянак чыгарууга болот.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Иште натыйжасы медицина илиминин өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй жаңы илимий негизделген теориялык натыйжалар берилген:
3.1. Стоматологиялык ооруларынын эпидемиологиялык көрсөткүчтөрү изилденген: Кыргыз Республикасынын Ош облусунда негизги стоматологиялык патологиянын таралышы жана интенсивдүүлүгү.
3.2. Ош облусундагы тиш-жаак аномалияларынын таралышын изилдөөнүн көрсөткүчтөрү аныкталган.
3.3. Кыргыз калкынын цефалометриялык нормалары жана Штайнер анализин колдонуу менен салыштырма изилдөө иштелип чыккан.
3.4. Диагностиканы колдонуу, телерентгенография (ТРГ) ыкмасын колдонуу менен айкалышкан кабышуу аномалияларын дарылоонун натыйжалуулугу көзөмөлдөнгөн.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү** .

1. Ош облусунда стоматологиялык жана ортодонтиялык патологиялардын таралышы жөнүндө маалыматтар калкка медициналык жардам көрсөтүүнү пландаштыруу үчүн маанилүү. Телерентгенография жаактардын өз ара катышын, патологиянын деңгээлин, тиш догосунун жана беттин жумшак

ткандарын баалоого мүмкүндүк берүүчү тиш-жаак аномалияларын диагностикалоонун жана дарылоону пландаштыруунун негизги ыкмасы.

2. **Телерентгенография (ТРГ)** ыкмасын колдонуу менен ортодонтиялык коррекциялоо учурунда мезиалдык окклюзиясы бар бейтаптарды комплекстүү текшерүү методу иштелип чыккан жана ишке киргизилген.

3. Мезиалдык окклюзиясы бар бейтаптарды комплекстүү ортодонтиялык дарылоо үчүн телерентгенография менен айкалышкан капка түзүмү иштелип чыккан жана ишке киргизилген.

4. Изилдөөнүн натыйжалары Ош облустар аралык стоматологиялык борборунун (ООСБ) жана ОшМУнун медициналык клиникасынын иштөө практикасынын врач интерндерди жана клиникалык ординаторлорду окутууга киргизилген.

**Материалдарды ишке ашыруу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:**

Илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын ишке ашыруу актылары Ош облустар аралык стоматологиялык борборунун жана ОшМУнун медициналык клиникасынын практикалык иштеринин интерндерди жана клиникалык ординаторлорду даярдоодо колдонулат.

Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү

Автореферат диссертациянын мазмунуна жана андагы илимий максаттарга толук дал келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей резюмеге ээ.

**5. Кемчиликтери:**

1. Сүрөттөрдүн жана таблицалардын катар номерлери тактоону талап кылат жана алар текстте колдонулушу керек. Белгилей кетсек диссертацияда адабияттардын саны 200 деп берилген, мага берилген вариантында 240 деп берилген. Диссертацияда орус тилиндеги адабияттар 93, чет тилиндеги 53, бардыгы болуп 146. Ал эми авторефератта 200 болуп дал келбей калган.

2. Анализдин натыйжалары дарылоо ыкмасын тандоодо кандайча жардам берерин ачык-айкын көрсөтүү зарыл.

4. Диссертацияны акыркы чыгаруу учурунда оңдоону талап кылган грамматикалык жана стилистикалык каталар бар.

**Ошону менен катар менде төмөнкүдөй суроолор пайда болду:**

Ар кандай аймактарда Ошто, Чоң-Алайда тоолуу шартта жашаган калктын стоматологиялык статусун аныктагансыз.

1. Мына ушул изилденген аймактардын стоматологиялык статусунда салыштырмалуу айырма барбы? Себеби Кыргызстандын тоолуу шарттарында

жашаган калктын стоматологиялык статусу ж.б. боюнча көп илимий эмгектер бар.
2. Сиз колдонгон Брюкл аппараты белгилүү аппараттардан кандай өзгөчөлүгү менен айырмаланат? Ошондой эле бул аппарат аномалияларды өзгөртүүгө кандай таасир берет?
3.Заманбап рентген жана компьютердик томография аппараттары сиздердин изилдөөдө жетиштүү болдубу?
4. Ош облусундагы ортодонтиялык патологиянын кандай өзгөчөлүктөрү бар? Буга чейинки белгилүү болгон эмгектерден айырмаланган өзгөчөлүктөрү кайсылар?
5. Заманбап ортодонтиялык дарылоо ыкмаларын колдонуу узактыгы жана анын натыйжалары кандай? Кандай жыйынтыктар алынган?
6.Райондук стоматологиялык клиникаларында жана үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун стоматологиялык бөлүмдөрүндө сиз сунуштаган дарылоо ыкмалары ишке ашырылдыбы?

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Урматтуу Алтынбек Жолдошевич, суроонуз үчүн ыракмат. Жооп берүүгө уруксат этиңиз.
Азыркы учурда бардык стоматологиялык поликлиникалар заманбап телерентгенография, стоматологиялык жабдуулары жетишсиз, толук камсыз болгон эмес. Тоолуу аймактарда жана шаарда патологиянын таралышындагы айырмачылыктарды салыштыруу биздин изилдөөнүн максатына киргизилбегендиктен бул маселени караган эмеспиз. Ошондой эле дарылоо ыкмалары жогоруда биз айтып өткөн ОшМУнун медицина факультетинин стоматологиялык клиникасында жана Ош облустар аралык стоматологиялык борборуна киргизилген жана рационализатордук сунуштар тапшырылган.

Жогоруда биз сунуш кылган аппараттын кадимки Брюкл аппараттан айырмасы. Кадимки Брюкл аппараты үстүңкү жаактын туурасын кеңейтүү үчүн колдонулат. Ал эми биздин Брюкл аппарат жаактын саггиталдык узундугун кеңейтүү үчүн колдонулат. Бул астыңкы жаак менен үстүңкү жаактын бири бирине болгон катышын бийиктетет жана астыңкы кашка тиштердин алдыга карай жантаюсуна көмөктөшөт.

**М.и.д., доцент А.Ж. Нурбаев.** Бул дарылоо аппараттарынын кайсы түрүнө кирет?

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Бул айкалышкан аракеттүү аппарат. Аракет кылуу ыкмасы жана орду боюнча бир жактуу болуп саналат. Жаак аралык аракет кылат. Негизинен таасир этүүсү механикалык аппарат болуп эсептелинет.

**М.и.д., доцент А.Ж. Нурбаев.** Сиздер изилдеген аномалияларга кайсы квалификацияны колдондуңар?

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Изилдөө учурунда колдонгон классификациялар: БДСУнун классификациясы, эл аралык морфологиялык классификация бул жашы чоңдор үчүн студенттерди изилдөөдө колдонулду. Ал эми жаш балдар жана өспүрүмдөрүн изилдөөдө Энглдин өрчүп жаткан аномалиялар классификациясын колдондук.

**М.и.д., доцент А. Ж. Нурбаев.** Айтылган кемчиликтер боюнча оюңуз кандай?

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Айтылган кемчиликтерди эске алабыз. Оңдоо-түзөтүүлөрдү жүргүзөбүз.

**М.и.д., профессор А.Ж. Нурбаев.**

**Сунуштар**

1. Жетектөөчү уюм катары дайындоо. Жетектөөчү уюм катары Ташкент мамлекеттик стоматологиялык институтунун ортодонтия жана тиш протездөө кафедрасын бекитүүнү сунуштайм (Дареги берилген).
2. Биринчи расмий оппонентти дайындоо. Биринчи расмий оппонент катары медицина илимдеринин доктору Нурбаев Алтынбек Жолдошевичтин дайындалышын сунуштайм. Себеби изилденип жаткан темага байланыштуу эмгектери бар.
3.Экинчи расмий оппонентти дайындоо. Экинчи расмий оппоненттикке каралып жаткан илимий көйгөйлөргө жакын маселелер боюнча жазган эмгектери бар, медицина илимдеринин кандидаты, «Центральная стоматология» клиникасынын директору Жумабеков Алмазбек Илязовичти сунуштайм.

**Сунуштар:** Кийинки эмгегиңизде заманбап диагностикалык ыкмаларды, 3D моделдөөлөрүн, баш сөөк телерентгенографиясын жана жаңы аппараттарды колдонуңуз.

**Жыйынтыгында** Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин диссертациялык иши алынган натыйжалардын актуалдуулугу жана маанилүүлүгү жагынан толук кандуу бүткөрүлгөн илимий изилдөө иш деп эсептейм. Алдыга коюлган максат жана милдеттер аткарылган.

Диссертациянын баштапкы материалынын текшерилиши боюнча айтып өтүүгө уруксат этиниздер.

Диссертант тарабынан комиссияга төмөнкүдөй изилдөөнүн материалдары берилди:

1. Бейтаптарды каттоо үчүн журнал – 5 даана
2. Бейтаптарды каттоо үчүн журнал – 1 даана
3. Изилденген бейтаптардын анкеталарынын жалпы саны – 2084 даана

4. Бейтап баяндарынын копиясы – 44 даана
5. Телерентгенографиялар – 28 даана
6. Актылык ишке ашыруу - 4 даана
7. Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн иштер - 5 илимий макала.

Баштапкы материалдарды текшерүүнүн жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталды:

1. Каттоо журналын толтуруу иш жүзүндөгү маалыматтарга ылайык автор тарабынан жеке жүргүзүлгөн.
2. Автор алынган изилдөө натыйжаларына статистикалык анализ жүргүзгөн, документтер туура толтурулган.
3. Каттоо документтери боюнча диссертацияда келтирилген изилдөөлөрдүн натыйжалары жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн көлөмүнө толук дал келет.

Ошентип, текшерүүнүн жыйынтыгында комиссия диссертациялык иштин негизин түзгөн баштапкы материалдардын ишенимдүүлүгүн ырастайт; документ иш жүзүндөгү маалыматтарга ылайык туура түзүлгөн. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн ишенимдүүлүгү Э.О. Омурбеков тарабынан аткарылганын жана автордун жеке салымын көрсөтүп турат.

Диссертациялык кеңештин эксперти берилген документтерди карап чыгып Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык ишин кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт:** И.К. Ахунбаев атындагы КММАнын ортопедия жана стоматология кафедрасынын профессору, м.и.д. А.Ж. Нурбаев.

**Төрайым:** Ыракмат, Алтынбек Жолдошевич.

Сөз диссертант Э.О. Омурбековго берилет.

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Урматтуу Алтынбек Жолдошевич, эскертүүлөрүңүзгө жана сунуштарыңызга чоң ыракмат. Бардык эскертүүлөр жетекчи менен макулдашып, эске алынат. Чоң ыракмат.

**Төрайым:** Кийинки сөз диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, м.и.к., доцент Т. Б. Руззуддиновго берилет (онлайн). Онлайн байланыш жакшы болбой жаткандыгына байланыштуу эксперттин бүтүмүн окумуштуу катчы окуп койсун деп сизден суранат элем.

**Окумуштуу катчы, м.и.к., доцент П.Д. Абасканова.** Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин диссертациялык иши боюнча эксперт, медицина илимдеринин кандидаты, доцент Руззуддинов Туретай Бексаутовичтин бүтүмү.

**Кемчиликтерге токтолуп өтөйүн.**

1. Диссертациянын мазмунун оңдоо
2. Сүрөттөрдүн жана таблицалардын катар номерлери тактоону талап кылат жана алар текстте колдонулушу керек.
3. Анализдин натыйжалары дарылоо ыкмасын тандоодо кандайча жардам берерин ачык-айкын көрсөтүү зарыл.
4. Диссертацияны акыркы чыгаруу учурунда оңдоону талап кылган грамматикалык жана стилистикалык каталар бар.

**Суроолор:**

**1.** Мезиалдык окклюзияны аныктоо үчүн кандай критерийлерди колдондуңуз?

2. Сиздин ишиңизде негизги стоматологиялык оорулардын таралышын жана интенсивдүүлүгүн, ошондой эле жеке тиштердин патологиясынын, жаак жана тиштин кабышуусунун патологиясынын таралышын аныктоо ыкмалары колдонулган. Сиздин маалыматтарыңыз Кыргызстандын башка аймактарынын жана коңшу мамлекеттердин Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан калктарындагы балдар боюнча алынган маалыматтарга кандайча дал келет?

**3.** Сиз сунуш кылган аппараттын мотификациясын колдонуу менен кандай натыйжаларга жетиштиңиз?

Диссертациялык кеңештин эксперти берилген документтерди карап чыгып, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин алдындагы **Д 14.24.78 диссертациялык кеңешине** Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык ишин кабыл алууну сунуш кылат.

**Төрайым:** Э.О. Омурбекович жооп берип коюңуз.

**Диссертант Э. О. Омурбеков.** Урматтуу Туретай Бексаутович**,** сурооңуз үчүн ыракмат, жооп берүүгө уруксат этиңиз.

1. Мезиалдык окклюзия аныкталган негизги критерийлер бул тышкы критерийлер жана ошондой эле беттин ойдуң профили, беттин ортоңку үчтөн бир бөлүгүнө карай өзгөчөлүгү, чыгып турган ээктен ээк массивдүү алдыга түртүлгөндөй сезилет жана ошондой эле чыңалган булчуң эттери, мимика белгилери. Беттин ылдыйкы үчтөн бир бөлүгү визуалдык жактан беттин ылдыйкы бөлүгүнө массивдүү көрүнөт. Ошондой эле каптал проекциядагы

Телерентгенографиянын жардамы менен скелет параметрлеринин өлчөмдөрүн жана баш сөөктүн түбүнө, тиштердин бурчтарына карата жаактардын абалын баалоо аномалиялардын гнатикалык же тиш-альвеолардык экендигин аныктоого мүмкүндүк берет.

2. Ооба, биздин изилдөөбүздө кариестин интенсивдүүлүгү жана тиштин патологиясынын таралышын аныктоо ыкмалары каралган. Бирок биздин ишке аймактар жана коңшу мамлекеттерге салыштыруу жагы каралбагандыктан канчалык деңгээлде айырма бар экендигин айта албайбыз.
**3.** Биз модификациялап жаткан аппарат биринчиден үстүңкү жаакты тосмодон чыгарат, экинчиден үстүңкү жаактын кашка тиштнерин алдыга жантаюсуна жардам берет, ал эми үчүнчүдөн жаактын алдыга карай өрчүшүнө көмөк көрсөтөт.

**Төрайым:** Туретай Бексаутович**,** каралып жаткан ишке кенен анализ бергениңиз үчүн сизге чоң ыракмат.
Кийинки сөз диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, м.и.к., доцент Б.М Давлетовго берилет. Бирок Б.М Давлетов тажияга кеткен үчүн эксперттин бүтүмүн окумуштуу катчы окуп койсун.

**Окумуштуу катчы, м.и.к., доцент П.Д. Абасканова. Эксперт,** м.и.к., доцент Б.М Давлетовдун бүтүмү. Суроолор жана сунуштар берилген.

Диссертациялык кеңештин эксперти берилген документтерди карап чыгып, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин алдындагы **Д 14.24.78 диссертациялык кеңешине** Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык ишин кабыл алууну сунуш кылат.

**Төрайым**: Ыракмат
Талкууга чыгып сүйлөй тургандар барбы?
Абибилла Акбураевич, сөз сизде.

**М.и.д., профессор Калбаев Абибилла Акбураевич.** Урматтуу төрайым, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, Эсенбек Омурбековичтин баатырлык жерин айтып кетейин. Биринчиден диссертацияны кыргызча жазгандыгы, экинчиси ушул ортодонтия маселеси боюнча диссертация жазып жаткандыгын белгилеп кетейин. Ал эми диссертация боюнча бир топ суроолорду бердим. Менин оюмча айтылган кемчиликтерди оңдойт деп ойлойм. Анткени диссертациянын көпчүлүк жерлеринде кыргыз сөздөрү адабий тил менен жазылбай калган. Айрым кыскартылган абревиатуралардын берилишинин кыргызча маанилери дал келбей калган.
Мисалы ВОЗ бир жерде БДСУ, кээ бир жерлерде ДСУ деп берилип калган.

Ошондой эле диссертациянын аталышы боюнча мен Олжобай Жумакадыровичке кошулуп кетет элем. Анткени бир сөз мааниси жагынан туура келбей ашыкча болуп тургандыктан, аны алып салууга болот деп ойлойм. Мындан тышкары Олжобай Жумакадырович белгилеп кеткен “кызмат көрсөтүүнү” кошуп коюу жагын карап койсоңуздар. Дагы айта кетчү нерсе авторефераттын айрым беттеринде дал келбөөчүлүктөр бар. Мисалы 13-бетте насвай жана сигарет тартуу берилген. Мунун жаш балдардын аномалияларына кандай таасири бар? Мына ушул боюнча корутунду жазып коюуну сунуш кылат элем. Анын кандай тиешеси бар бул аномалияларга?
3.2, 2.1-таблицаларында КПУлар көрсөтүлгөн. Анан аномалияларды дагы бир таблицада көрсөтүп койсоңор. Андан кийин 19-бетте Энгелдин 1-классындагы аномалияларды түзүү деп берилген. Бул нормалдуу прикус болуп эсептелет жана одоно ката болуп эсептелет. 20-бетте чыйкылдатып айкалуу деп түшүнүксүз берилген. Анан таблицада дээрлик 70% аномалия болду деп берилген. Ушул маалыматтын так экендигин бир карап койсоңуздар.Анткени бул өтө чоң көрсөткүч боллуп эсептелет. Ушул көрсөтүлгөн бардык кемчиликтерди оңдоо зарыл. Диссертациянын кыргызча жазылганын колдоп кетем. Бирок көпчүлүк дал келбестиктерди оңдоо керек.

**Төрайым:** Ыракмат, Абибилла Акбураевич**!**

**Диссертант Э.О. Омурбеков.** Урматтуу Абибилла Акбураевич**,** жалпы эскертүүлөрүңүздү эске алабыз. Кемчилик, сунуштарды эске алуу менен өзгөртүүлөрдү киргизебиз. Ошондой эле суроонузга жооп берип койсом. Жаактагы Чыйкылдоо мунун орусчасы щелканье. Муну дагы карап өзгөртөбүз.

**Төрайым:** Дагы чыгып сүйлөөчүлөр барбы? Жокпу?
Бүгүн биздин диссертациялык кеңеште стоматология боюнча кыргыз тилинде экинчи диссертация жакталып жатат. Өзүңүздөргө белгилүү болгондой медициналык терминдердин кыргызча маанилери аз болгондуктан, кыргыз тилине которуу абдан кыйын. Ошондуктан кээ бир кемчиликтер болуп жатат. Диссертанттын кийинки этапка айтылган кемчиликтерди эске алып, баарын оңдоп чыгуусун каалайбыз.

**Төрайым:** Э.О. **Омурбековдун** диссертациялык ишин эл алдында коргоого уруксат берүүгө жана жетектөөчү уюмду жана расмий оппоненттерди бекитүүгө ким макул?

**Добуш берүүнүн жыйынтыгы:**

“Макул” - 14, “Каршы” - жок, “Калыс” - жок. Бир добуштан кабыл алынды.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

1. Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык иши КРПА УАКнын кандидаттык диссертацияларга берилүүчү "Окумуштуулук даражаларын ыйгаруу тартиби жөнүндөгү" жобонун талаптарына жооп берген илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси бар, бүткөн илимий изилдөө эмгек болуп эсептелет.

2. Э.О.Омурбековдун диссертациялык иши боюнча

- **жетектөөчү уюм катары** Караганда мамлекеттик медициналык институтун бекитүү,
- биринчи расмий оппоненттикке медицина илимдеринин доктору, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын ортопедиялык стоматология кафедрасынын доценти Нурбаев Алтынбек Жолдошевичти бекитилди.
- экинчи расмий оппоненттике медицина илимдеринин кандидаты, «Центральная стоматология» клиникасынын директору Жумабеков Алмазбек Ильясовичти бекитилди.

3. Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык ишин айтылган кемчилик, сунуш-пикирлерди эске алып, ондоп түзөтүү менен Д 14.24.708 И.К. Ахунбаев атындагы КММА, Б.Н. Ельцин атындагы КРСУнун диссертациялык кеңешинде 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча официалдык коргоого сунуштоо.

Коргоо күнү ондоп-түзөтүүлөр жүргүзүлгөндөн кийин белгиленет. Эксперттик комиссиядан муну көзөмөлгө алууну суранам.

**Д 14.24.708 диссертациялык кеңешинин төрайымы, м.и.д., профессор** **К.Б. Куттубаева**

**Д 14.24.708 диссертациялык кеңешинин окумуштуу катчысы, м.и.к.,доцент** **П.Д. Абасканова**

Общий отдел

Подпись Куттубаевой К.Б. Абаскановой П. заверяю

зав. общим отделом

И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ МЕДИЦИНСКАЯ АКАДЕМИЯ ИМ. И.К. АХУНБАЕВА

4.06.2025